«Бекитемин»

Маловодный орто мектебинин

директору ________Бекболиева Т.Д

# Тарбия иштерин уюштуруудагы класс жетекчилердин милдеттери

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары

________Турпанбаева Н.К

# Тарбия иштерин уюштуруудагы класс жетекчилердин милдеттери.

- Окуучуларды жана үй-бүлөсүн изилдөө.
- Класс активдерин шайлоо жана анын иштери, окуу ишине массалык маданий иштерге жооптуу, спорт оюндарын уюштуруучу, редколлегия дайындоо.
- Иш-аракеттерди тактоо,аны уюштуруучу, аткаруучулар, көзөмөлдөө, текшерүү класс активинин иштери;
- Жетишпеген балдар үчүн кошумча сабак уюштуруу.
- Класстан тышкаркы иштер.
- Жалпы мектептик, коомдук иштерге катышуу.
- Олимпиадаларга, конкурустарга, спорттук мелдешүүлөргө катышуу.
- Коомдук ишмерлер, чыгармачыл инсандар менен жолугушуу өткөрүү.
- Согуштун, эмгектин ардагерлери белгилүү инсандар менен юбилейлик майрамдарды уюштуруу балдардын патриоттук сезимин ойготууга жардам берет.

Класс жетекчинин уюштуруучулук тарбиялык иштери коп кырдуу. Ал класс окуучуларын уюштурат, анын ишине багыт берет.Мугалимдер менен окуучулар жааматынын жана анын ишин сырткы дүйнө менен байланыштырат.

Класс жетекчи окуучлардын өзүн-өзү башкаруу органдары менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт.Окуучулардын сабакты өздөштүрүүсүнө, ден соолугун чыңдоого жардам көрсөтөт, коомдук пайдалуу иштерин уюштурат,тийиштүү документтерди тактоо боюнча да иш жүргүзөт.

Класс жетекчи ар бир окуучуга жекече мамиле жасап, писихологиясын таанып, окуу процессине багыттайт.

Класс жетекчи тарбия иштерин жемиштүү жүргүзүү үчүн балдарды тынымсыз изилдеп үйрөнүүгө тийиш, алардын үй-бүлөдөгү шартын, кырдаалды, окуучунун үй-бүлөсүнө, ата-эне туугандарына жасаган мамилесин, эмгеке болгон мамилесин изилдеп жакшы билүүсү шарт.

Класс жетекчинин дагы бир маанилүү иши- окуучуларды оң адаттарга тарбиялоо. Терс адаттардын ден соолукка инсан катары калыптанганга , күнүмдүк иштерге коомдо үйдө көчөдө жат көрүнүш экенин бала түшүнүш керек.

Класстан тышкаркы иштерди активдүү уюштуруу музейлерге театрга, парктарга, экскурсияга алып барып айлана-чөйрө менен байланыш түзүү, ар түрдүү конкурустар жарыштар, мелдештер, майрам аземдерин өткөрүү, окуучулардын жөндөмүн шыгын ачуу, каалоосуна жараша окуучулардын катыштыруу, тарбиялоо иш-аракеттеринин пайдалуулугун жогорулатат.

Экскурсиядан, жүрүштөрдөн, класстык сааттардан, майрамдык кечелерден, мектеп боюнча нөөмөттөн, ишембиликтерден биз окуучулардын аң сезимин өнүктүрүүнүн үстүндө экендигин аңдап билебиз.

**Көйгөйлөр, аларды жоюуга жардам берүүчү социалдык агенттер:**

**Өздүк көйгөйлөр**. Көпчүлүк учурда баланын курактык өзгөрүүлөрүнөн көз каранды. Социалдык педагог класс жетекчи менен биргеликте ата-энеге, мугалимдерге өзгөчө башталгыч класстагы баланын, өспүрүмдөрдүн, жана бүтүрүүчүлөрдүн психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүн терең тааныштыруу керек.

Өздүк көйгөйлөрдү жоюуда ата-эненин балага карата ар бир айтылган сөзү, кыймыл аракети   чоң мааниге ээ. Психолог алдын-алуу иштери менен жана диагноздоочу ыкмалар менен окууга болгон кызыгуусунун деңгээлин, ата-эне, мугалим, окуучулар менен болгон түшүнбөстүктөрдү, тамекичегүү, ичимдик кичүү, психо-активдүү заттарды колдонуу терс көрүнүштөрдү аныктоосу өтө маанилүү.

**Үй-бүлөлүк көйгөйлөр** – окуучу менен ата-энесинин ортосундагы мамилеси бузулган же ата-энеси (ата-энесинин ордунда калган адам) күн сайын окууга барууга шартын түзө албай, тамак-аш, кийим, окуу куралдары менен жана мектепке баруу, жолдун коопсуздугун камсыздоо милдеттерин аткара албай калган учурлар.

Үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн  жаралышына  ата-энелер күнөөлүү  болушу мүмкүн, алар баланын мектепке баруусуна тоскоолдуктарды жаратат. Алар баланын психологиялык, физикалык абалына көңүл буруусу, бала менен баарлашуусу өтө маанилүү. Анткени зордук-зомбулук, өзү-өзүнө кол салуу, психикалык активдүү заттарды колдонуу, үйдөн качып кетүү, девианттык жүрүм-турум көйгөйлөрү негизинен үй-бүлөлүк көйгөлөрдөн түздөн түз көз каранды экенин билдирүү зарыл. Чечүү жолун балага эң ыңгайлуу жана оңой жолун тандоо керек. Социалдык педагог кайрылган бардык социалдык агенттер (адистер, институттар) үч күндүн ичинде Кырдаал менен кандай иш-чаралар аткарылып жатканы жөнүндө жооп кайтарып берүүсү зарыл. Бул топтогу көйгөйлөргө көпчүлүк учурда ата-энелер жооптуу. Социалдык педагог көйгөйдүн "булагына" эмес, оордугуна жараша иш-чараларды көрүү керек.

**Мектепке байланыштуу көйгөйлөр** – классташтары, мугалимдер менен мамиле түзүүдө, окуу процессинде жаралган көйгөйлөр.Мектепте жагымсыз академиялык жана физикалык чөйрө бала мектепке барбай калганына чоң өбөлгө. Баланын орто билим алуу укугун мектеп жана орто билим берген, кошумча билим берген уюмдар ишке ашырууда. Мектептеги көйгөйлөрдү биринчи ирет мектептин өзүнүн күчү менен чечүүгө аракеттенип көрүү зарыл. Чоң ролду жергиликтүү бийлик ойнойт, себеби мектептеги көйгөйдүн көпчүлүгүн коомчулуктун катышуусу менен жоюуга муктаж. Мисалы, балдарды мектепке жеткирүүнү жергиликтүү жамааттын жардамы менен уюштуруу.

**Укук бузуунун себептери жана анын алдын алууда жүргүзүлгөн иш-чаралар**

Азыркы мезгилде окуучулардын арасында укук бузуулардан улам барган сайын кооптуу жана коркунучтуу өтө баштаганы педогогдорду жаштар маселелери менен алектенген адистерди укук коргоо органдарын, интернет ресурстары экрандагы зордук-зомбулук зөөкүрлүктүн ортосундагы байланыш бар экендиги байкалат.

Ата-энелер балдарына аз көңүл бурушуп, өзүлөрүнүн тарбиялык милдеттерин билим берүү мекемелерине, көчөгө, массалык маалымат каражаттарына жүктөп коюшкан.

Азыркы убакта, социалдык контингенттеги начар, социалдык жактан камсыз болбогон үй-бүлөлөрдө жашаган окуучулардын абалы татаал бойдон калууда. Натыйжада алар аморалдык тарбия алышып, негативдүү жеке сапаттарга ээ болушууда.

Окуучулардын кылмышка жакын жүрүш-турушунун бири алардын эмоцианалдык жалгыздыгы болуп эсептелет.

Жакын чөйрөсүнүн терс таасири классташтары, достору.

Окуу процессине катышпай ар кайсы жерлерде көңүл ачуучу жайларда убакыт өткөрүү, компьютердик оюндар.

Өспүрүмдөрдүн укук бузуусуна алардын өз убагында ата-энелер коомчулук мамлекет тарабынан колдоо албагандыгы себеп болууда.

Алсак:

-үй-бүлөөдөгү тарбиянын жетишсиздиги

-ата-энелердин баласынын жүрүм-турумун көзөмөлдөй албагандыгы

-окуучулардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык абалынын ар түрдүүлүгү

-бош убакытты туура пайдаланууну уюштурбагндыгы

-укук бузган окуучунун тарбиясы начар

Үй- бүлө адеп ахлактык жана психологиялык тарбияда баланын өмүрүндөгү алгачкы топ болот да, анын инсандык калыптануусуна бала кезинен бойго жеткенге чейин коштоп журот. Ата-энелердин корсоткон үлгүсү баланын адеп-ахлактык жана психологиялык тарбиясына түздон түз таасир берет. Баланын алган тарбиясын айлана чөйрөсүнө кылган мамилесинен көрүнүп турат.

Жаш жеткинчектердин укук бузуусуна каршы күрөшүүнүн эн натыйжалуу жана гумандуу жолу болуп жалпы социалдык эскертүүлөр б.а экономикалык, социалдык, саясий, укуктук, маданий жана балдардын жашоо шартын, кулк-мүнөзүн социалдык тен укуктуулугун коргоого көрүлгөн иш-чаралар эсептелет.